
# Навигатор



Автор: Эльнура Усупова

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Навигатор

Автор: Эльнура Усупова
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Навигатор" (кыргыз тилинде), автор Эльнура Усупова, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Кап, билген эле жолум менен келсем болмок экен! Күндөгүдөй эле 8-троллейбус менен жетип алсам кана! – деп Бакыт кайгырып, өзү тааныбаган көчөлөрдү аралап, №118 маршруттук автобус менен келе жатты.

Кечээ мектептин жанындагы аялдамада унаа күтүп турганда маршруттук автобусту байкаган.

– Троллейбусту күтпөстөн, мектепке ушул кичи автобус менен келсем болот турбайбы! – деп сүйүнгөн.

Терезени карап бара жатты. Чоочун көчөлөр жана аларды бойлой тааныш эмес имараттар тизилет.



– Айланып келип, баары бир мектебимдин жанынан өтөт, – деп өзүн-өзү сооротту.

Жолдо канча убакыт жүргөнү белгисиз, бирок Бакытка бир саат өткөндөй сезилди.

– А балким бул маршруттук автобус бөлөк жакка барат?






Мүмкүн чек араны басып өтүп, коңшу мамлекетке кирет?

– Орок айылына барабы? – деп бир жүргүнчү айдоочудан сурады.

– Орок? – буга чейин атын укпаган айыл Бакытка жердин түбүндө жайгашкандай сезилди. Ал шашкан бойдон унаадан түшүп кетти.



Жолдун аркы бетине абайлап өттү. Аялдаманы көрүп сүйүнүп кетти. Шаарды карай кетчү унааны күтмөк болду. Кайсы унаага түшөрүн деле билбейт. Айдоочулардан сурап отуруп, эртели-кеч мектебине жетерине ишенет.

Бир кезде аялдамага Айзирек келип туруп калганын көрүп, Бакыт сүйүнүп кетти.

– Айзирек, салам!

– Ой, бул жакка кайдан келип калдың?


– Чынын айтсам, адашып калдым. Мектепке барасыңбы? Чогуу кетели.



Айзирек досунун чарчаңкы түрүн көрүп аяп кетти. Анын билишинче, Бакыт шаардан алыс жашап, мектепке узак жол жүрүп келет. Бүгүн минтип адашып да кеткен экен.

– Бакыт, телефонуңдан GPS-навигатор колдонбойсуңбу?

– Уккам, бирок ал тууралуу жакшы билбейт экенмин, – деди Бакыт.






– Телефондогу GPS-навигатор кайсы жерде болбогун, учурдагы орduңду аныктай алган тиркеме. Навигациялоо программасы тийиштүү маршрут түзүп берет. Санарип картада турган ордуң көрүнүп турат, – деп Айзирек билгенин досу менен бөлүштү.

**Пайдалуу маалымат:**

GPS – спутниктер аркылуу адамдын, автоунаанын, учактын, ж.б. объектинин ордун аныктаган система.

Бул спутниктик тутум АКШнын коргоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндөгү ар бир адам GPS системасын бекер колдоно алат. Ал үчүн GPS-кабылдагыч менен жабдылган аппараты болушу шарт. Заманбап акылдуу уюлдук телефондордун дээрлик бардыгы GPS модуль менен жабдылган.



**Пайдалуу маалымат:**

Популярдуу навигациялоо программалары: 2ГИС, Maps.me, Google Карталар жана Яндекс Карталар.


Кээ бир навигациялоо программалары интернетке туташууну талап кылат (Google Карталар).

Башка навигаторлор алдын ала телефонго жүктөлгөн санарип карталардын негизинде, уюлдук аппарат интернетке туташпаган учурда деле иштейт (2ГИС, Maps.me жана Яндекс Карталар).

– Навигатор болгондо эчак эле мектепке жетмек экенмин! – деп Бакыт ойлонуп калды.

– Навигаторду телефонума кантип орнотом?

Айзирек ар бир кадамды түшүндүрүп берди:





1. Телефонуңда GPS модулду күйгүз.

2. Мобилдүү интернет же WiFi аркылуу Play Market-тен же App Store-дон телефонуңа навигациялоо программасын жүктө. Мисалы, мен 2ГИС тиркемесин колдоном.

3. Тийиштүү аймактын, мисалы, Бишкек шаарынын картасын телефонуңа жүктөп ал.





– Карта жүктөлдү! Эми мектепке баруучу жолубузду кайдан көрсөк болот? – деп Бакыт кызыга навигатордун мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп кирди.

– "Издөө" сапчасына мектептин аталышын киргизебиз. Биз турган жерден баштап мектепке чейин коомдук унаа менен жетүү үчүн маршрут түзүүнү тапшырабыз. Эми өзүң айтсаң, кайсы транспорт мектепке чейин жүрөт экен? – деп Айзирек досуна суроо узатты.

Бакыт навигаторду колдонгонду үйрөнүп алганына сүйүнүп келе жатты.

Бир кезде өзү сыяктуу эле коңшу айылдардан келип окуган достору эсине түштү. Алардын адашып кетүүсүн каалаган жок.


– Айзирек, сага чоң рахмат! Бүгүн мага абдан пайдалуу нерсе үйрөттүң.



Кел, биздин классташтардын баарына навигатор жөнүндө айтып берип үйрөтөлү? – деп сунуштады.

– Макул, жакшы болот! Алардын ар бири практика жүзүндө да колдонуп көрүүсү үчүн тапшырмаларды да ойлоп табалы! – деп Айзирек да сүйүнүп кетти.





Класс жетекчиси менен кеңешип, кезектеги класстык саатты навигация темасына арнашты.

Айзирек навигация тиркемелери тууралуу айтып берди. Санарип карталар менен колдоно билген окуучулар да бар экен. Ошентсе да, балдардын көбү үчүн бул маалымат пайдалуу болду.

**Тапшырма:**

Навигатордо өз үйүңөн мектепке коомдук транспорт менен келүү маршрут баракчасын түз.


- ✔ Үйүңдөн мектепке чейинки аралык канча километр ?
- ✔ Орточо эсеп менен канча убакытта коомдук унаа менен мектепке жетүүгө болот?
- ✔ Коомдук унаадан сырткары, мектепке кандай жолдор менен жана канча убакытта жетүүгө болот?






Окуучулар Бакыт менен Айзирек даярдаган тапшырмаларды кызуу аткарып жатышты. Түшүнбөгөн суроолорун чогуу талкуулап, үйдөн мектепке келүүнүн түрдүү жолдорун изилдешти.

Достор, силер да навигация тиркемесин телефонуңарга жүктөп, Бакыт менен Айзирек даярдаган тапшырмаларды аткарып көргүлө!




Балдар навигация темасы боюнча билгендерин достору менен бөлүшүүгө аракет кылышты.

– Бир нерсе керек болуп, аны кайдан сатып аларын да навигатордон билсе болот. Мисалы, чакмак дептерим толуп калды. Навигатордо "тетрадь" деп издеп, жайгашкан, учурда болгон дүкөнгө кирип, дептер алса болот.



Издөө функциясы азырынча орус тилинде жеткиликтүү, бирок жакында кыргыз тилинде да болот деп ишенем, – деди Аман.

Достор балмуздак, футбол тобу алма саткан жакын жерлерди издеп башташты. Ар бир ишкананын дареги, иш убактысы, баасы, сүрөттөрү жана ал жөнүндө кардарлардын пикири да берилиптир.



– Мен мектепте же башка жерде жүргөндө, апам WhatsApp аркылуу гео-маалыматыңды салып кой деп айтат. WhatsApp тиркемеси аркылуу "Местоположение > Делиться геоданными" буйрутмасын тандайм, – деп бөлүштү Сезим.

Окуучулар бири-бири менен гео-маалыматтары менен бөлүшүп көрүштү.

Сабак аяктаган соң, окуучулар жана мугалим навигатор түзгөн маршрут менен үйлөрүнө кайтышты.

*Уландысы…*

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Эльнура Усупова
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли